КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛУСУ
КАДАМЖАЙ РАЙОНУ
ҮЧ-КОРГОН АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
КАДАМЖАЙСКИЙ РАЙОН
АЙЫЛНЫЙ АЙМАК ҮЧ-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО КЕНЕША

**Үч-Коргон айылдык кеңешинин кезектеги XX сессиясы**

# ТОКТОМ

2026-жылдын 18-август №01-06/33 Үч-Коргон айылы

**Үч-Коргон айыл аймагында өздөштүрүүгө берилген жер тилкелерин туруктуу баанын негизинде ижара акыларын белгилөө жөнүндө.**

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 21-беренесиндеги “Жер мамилелерин жөнгө салуу чөйрөсүндөгү жергиликтүү кеңештердин компетенциясы”, Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы “Жергиликтүү мамлекеттик администрациясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү” №123 сандуу мыйзамы жана 2026-жылдын 22-июль күнү Кадамжай райондук мамлекеттик администрация башчысы-акимдин биринчи орун басары А.Акматовдун жетекчилиги астында өткөрүлгөн жыйындын протоколуна таянып, Үч-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Үч-Коргон айыл аймагында өздөштүрүүгө берилген жер тилкелерин ижара акысы 2000 (эки миң) сом болуп белгиленсин.
2. Токтомдун аткарылышын камсыздоо жагы айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.
3. Бул токтом Үч-Коргон айыл өкмөтүнүн расмий uchkorgon.gov.kg. веб-сайтында жарыялансын.
4. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана айылдык кеңешинин регламентинин талаптарына ылайык ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигинин ченемдик укуктук актыларынын реестрине каттоо жагы айылдык кеңешинин жооптуу катчысы Д.Ахуновага милдеттендирилсин.
5. Ушул токтом Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизилген күндөн тартып күчүнө кирет.
6. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы “Агрардык жана айыл чарба” боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага:** **Б.Бердибеков**